КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ЖАРГЫЛЧАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА ЖАРГЫЛЧАК

**Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин**
**I чакырылышындагы 6 сессиясынын**

**№ 89 ТОКТОМУ**

**15.10.2025.** **Даркан айылы.**

**Даркан айылына таза суу резервуарын куруу үчүн жер аянттары жөнүндө.**

Жаргылчак айыл аймагынын Даркан айылында таза суу резервуарын курууга жер аянттарын аныктоо, коомдук муктаждыкка карата жарандардын жеке менчиктеги жер аянттарын айыл өкмөтүнүн балансына алууга макулдук берүү максатында Жаргылчак жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Даркан айылынын тургуну Алиев Дамирбек Эркинбековичтен жеке менчигинде турган өздөштүрүүгө алган жер аянтынан 0.40га жерин коомдук муктаждык үчүн сатуу, сатып алуу келишиминин негизинде таза суу резервуарын курууга айыл өкмөтүнүн балансына алуу жагы каралсын.
2. Даркан айылынын тургуну Нурлан уулу Аскаттан жеке менчигинде турган өздөштүрүүгө алган жер аянтынан 0.40га жерин коомдук муктаждык үчүн сатуу, сатып алуу келишиминин негизинде таза суу резервуарын курууга айыл өкмөтүнүн балансына алуу жагы каралсын.
3. Жеке менчик ээлеринин макулдугу менен келишимдин негизинде айыл өкмөтү менен менчик ээлеринин ортосунда жерлерди алмаштыруу жагы сунушталсын.
4. Тиешелүү иш кагаздарын бүтүрүүгө керектелүүчү акча каражаттары жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржылансын.
5. Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарынын негизинде иш алып баруу жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо, жергиликтүү кеңештин агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына, айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча башкы адиси М.С.Жаманаковго тапшырылсын.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Б.А.Ургазиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т.К.Баякунов.**

Акматов Н